DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН АКТИВДҮҮЛҮГҮНӨ ТААСИР БЕРҮҮЧҮ ФАКТОРЛОРДУН ОКУУ ПРЕДМЕТИНЕ КАРАТА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т.*

# ОСОБЕННОСТИ ФАКТОРОВ ВЛИЯЮЩИХ НА АКТИВНОСТЬ УЧАЩИХСЯ В ОТНОШЕНИИ ПРЕДМЕТА ОБУЧЕНИЯ

*Sh. Zh. Kurmankulov, T.T. Tashtanbekova*

# FEATURES OF FACTORS THAT INFLUENCE ON STUDENT ACTIVITY IN RELATION TO SUBJECT OF STUDY

*УДК: 372.853. (575.2)(043.3)*

*Бул макалада окуучулардын билим алуусундагы активдүүлүгүн көтөрүү маселеси каралган. Активдүүлүктү өз алдынча билим алуу менен шайкеш келген, аны менен бир багыттуу иш аракет деп баалаган. Өз алдынча билим алуу бул инсандын өзүн-өзү башкаруунун негизинде, максаттуу багытта системалык таанып-билүү иш аракети экенин белгилеген. Учурдун талабына ылайык окуучулардын активдүүлүгүн көтөрүү менен алардын мүмкүнчүлүгүнө жана керектөөсүнө жараша өз алдынча билим алууга үйрөтүүгө багыт алуубуз зарыл маселе экенин көрсөткөн. Ошондуктан бул макалада кандай ыкмаларды, жолдорду колдонуу менен окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин мектеп мугалимдеринен сурамжылоонун негизинде мүнөздөмө берген. Ошондой эле окуучулардын активдүүлүгүнө таасир берүүчү факторлордун математика жана табигый предметтер үчүн айырмачылыгы бар экендиги аныкталган.*

***Негизги сөздөр:*** *активдүүлүк, окутуунун технологиясы, инновация, изденүүчүлүк, чыгармачылык, продуктивдүүлүк, эффективдүүлүк, жөндөмдүүлүк, окуу сапаты, окуу процесси, баалоо, өздөштүрүү, анализ.*

*В данной статье рассматривается вопрос об улучшении образовательной активности учащихся. Активность оценивается как целенаправленная деятельность, соответствующая с самообразованием. Самообразование - это систематическая целенаправленная познавательная деятельность личности на основе самоуправления. Отмечается, что в соответствии с требованиями времени повышая активность учащихся необходимо обучать их самообразованию в соответствии с их возможностями и потребностями. Поэтому в этой статье, на основании опроса учителей определено, при использовании каких методов и путей, можно повысить активность учащихся. А также установлено, что факторы влияющие на активность учащихся, различается для учителей математиков и естественных предметов.*

***Ключевые слова:*** *активность, технология обучения, инновация, соискательство, творчество, продуктивность, эффективность, способность, качество обучения, процесс обучения, оценивание, усвоение, анализ.*

*In this article considered pupils raising activity in learning knowledge. Activeness independently connected with learning, together with that was done work in one direction. Independent learning was based on human's self-control, aimed direction recognizes systematically actions. It was shown that suitable to the present demand pupils' activity raises according to their possibilities and necessity for teaching independent learning has shown as a problem. That's why in this article was given characteristic of interview which was taken from school teachers how to raise pupils' activity with the help of different methods, ways. At the same time factors which influence to activity of pupils by difference of math and natural subjects was identified.*

***Key words:*** *activity, teaching technologies, innovation, research, creativity, productivity, effectiveness, competence, learning quality, educational process, evaluation, comprehension, analyze.*

Байыркы замандын ойчулдары жана окумуштуулары Сократ, Платон, Аристотель окуучулардын өз алдынча билим алуу активдүүлүгүнүн манисин ошол кезде эле негиздешкен экен. Ошол мезгилдеги кырдаалдын негизинде деле, адамдын инсан (личность) катары өнүгүүсү, анын активдүү таанып-билүү иш аракеттик процессинен келип чыгуусун, ал эми жөндөмүнүн өнүгүүсү анын өзүн-өзү таануусунун негизинде жүрүшүн айтышкан экен [1].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Активдүүлүктү өз алдынча билим алуу менен шайкеш келген, аны менен бир багыттуу иш аракет деп карасак болот. Активдүүлүктү өз алдынча билим алууга чейин өнүктүрө алсак, анда окуучу чоң прогресске жетишкен болоор эле. Анткени өз алдынча билим алуу бул инсандын өзүн-өзү башкаруунун негизинде, максаттуу багытта системалык таанып-билүү иш аракети болуп саналат [2]. Бүгүнкү күндө активдүүлүктү пайда кылуу максаты, окуучуга билимди айтып билгизүүдө эмес, анын мүмкүнчүлүгүнө жана керектөөсүнө жараша билим алууга үйрөтүүгө багыт алуубуз зарыл маселе болуп саналат [3].

Көрсөтүлгөн макаланын авторлору [4, 20-б.], «Окуу процессинин сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселесиндеги негизги проблема бул окуучулардын окуу иш аракеттерин активдештирүү болуп саналат» - деген. Бүгүнкү күнү мектептерде чыгармачыл мугалимдер окутуунун «пассивдүү», «активдүү» жана «интерактивдүү» деп аталган үч формасын тең колдонууга аракет кылышууда. Көрсөтүлгөн макаланын авторлору, активдүү окутуу методуна басым жасап, мындай деген [5, 14-б.]: «Окутуунун активдүү методу окуучулардын ой-жүгүртүү жана практикалык иш аркеттеринин активдүүлүгүн козгой алат жана жаратат».

Мектептерде жаң ы муундагы мамлекеттик орто билим берүү стандартынын негизинде билим берүүнү ишке ашыруу билим берүүнүн сапатына болгон талапты өзгөртүүдө. Билим берүү сапаттуулугунун жогору болуусу окутуунун ыкмаларынан көз каранды болушу талашсыз [6]. Заман ыргагындагы педагогикада окутуу процесси билим берүүчү менен билим алуучунун иш аракеттеринин байланышы катарында каралууда. Жаңы кылымдагы окутуу процессинде мугалимдин иш аракетинин натыйжасы даяр маалыматты окуучуга жеткирүү гана эмес, окуучунун иш аракетин башкаруу, багыттоо маанилүү болууда. Мугалимдин иш аракетинин натыйжасы окуучуга окуганга шык берүүсү, активдештирүүсү жана окуганга болгон аң-сезимин ойгото билүү жөндөмү менен шартталууда. Ал жөнүндө көрсөтүлгөн адабияттын автору мындай деген [7, 16-б.]: «Бүгүнкү күндө окуу процессиндеги жалаң мааалыматты топтоо модели өзүнүн продуктивдүүлүгүн жоготуп баратат. Ошондуктан окуучунун ролу даяр билимдик маалымат берүүдөн башка багытты карай көбүрөөк жылуу керек, б.а. билим алуучунун чыгармачыл иш аракеттерине шарт түзүү, өз алдынча билим чындыгын издеп табуу көндүмүн өстүрүү» - деген.

Окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча көптөгөн ой-пикирлер, ыкмалар айтылууда. Мисалы, бул макаланын автору мындай деген [8, 51-б.]: «Билим алуучуга проблемалык мүнөздөгү тапшырма берип, аны аткаруудан кийин башка окуучулардын алдында презентация жасоо менен талкууга алуунун эффективдүүлүгүн көрүүгө болот». Бул айтылган анализдер, мектептерде билим берүүдө окуучулардын активдүүлүгүн өстүрүү актуалдуу экенинен кабар берет. Ошондуктан бул макалада биз кандай ыкмаларды, жолдорду колдонуу менен окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин мектеп мугалимдеринен сурамжылоонун негизинде мүнөздөмө берүүгө аракет жасадык. Ошондой эле ал мүнөздөмөлөрдүн табигый предметтер жана математика предмети боюнча өзгөчөлүктөрү каралды. Сурамжылоого Талас облусунун бардык райондорунан белгилүү сандагы физик, математик, химик, биолог жана географ мугалимдери катышты. Алардын предмет, район жана эмгек стажы боюнча бөлүнүүсү 1,2-таблицада берилди.

*Таблица 1*

**Сурамжылоого катышуучу мугалимдердин предмет жана район боюнча бөлүнүүсү**

| № | Райондор | Предметтик мугалимдер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы саны | Математика | Физика | Биология | Химия | География |
| 1. | Бакай-Ата району | 25 | 9 | 6 | 2 | 3 | 5 |
| 2. | Кара-Бура району | 49 | 19 | 9 | 10 | 6 | 5 |
| 3. | Манас району | 14 | 6 | 2 | 2 | 1 | 3 |
| 4. | Талас району | 56 | 15 | 8 | 14 | 12 | 7 |
| 5. | Талас шаары | 15 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
| | Жалпысы: | 159 | 54 | 29 | 31 | 24 | 21 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 2*

**Сурамжылоого катышкан мугалимдердин эмгек стажы боюнча бөлүнүшү**

| № | Райондор жана, жалпы саны | 3 жылга чейин | 3-5 жыл | 6-10 жыл | 11-15 жыл | 16 жылдан ашык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Талас району – 56 | 3 | - | 12 | 10 | 31 |
| 2. | Кара-Бура району – 49 | 2 | 1 | 8 | 11 | 27 |
| 3. | Бакай-Ата району – 25 | 6 | 5 | 4 | 2 | 8 |
| 4. | Манас району – 14 | 1 | 2 | 1 | 2 | 8 |
| 5. | Талас шаары – 15 | 4 | - | 4 | 2 | 5 |
| | Жалпысы: 159 | 16 | 8 | 29 | 27 | 79 |
| | Пайызы: 100 | 10,1 | 5,0 | 18,2 | 17,0 | 49,7 |

Мугалимдерге толтуруу түшүндүрмөсү менен төмөнкү маанидеги таблица түрүндөгү сурамжылоо баракчасы берилди.

**Суроо**. *Кандай иш-аракеттердин негизинде окуучулардын табигый-математикалык илимдер багытын окууга болгон активдүүлүгүн көтөрүүгө болот деп ойлойсуз жана анын таасири канчалык?*

Таасир берүүсү 1-столбикке белгиленип, ал эми таасир этүү даражасы **1,2,3,4,5** цифрасы менен 2-столбикке коюлат:

***«5» - абдан таасирлүү болсо,***

***«4» - жакшы эле таасир этсе,***

***«3» - орточо таасири бар болсо,***

***«2» - кичине, анча-мынча таасири бар болсо,***

***«1» - таасири өтө эле аз болсо.***

| № | Таасир этүүчү иш аракеттердин аталышы | Таасир берет | Таасир этүү даражасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Мугалимдин методикалык шыктуулугу, чыгармачыл жана тажрыйбалуу болушу. | | |
| 2. | Окутуунун активдүү формасын көп колдонуу. | | |
| 3. | Мугалимдин окуучулардын таанып-билүү иш аракеттерин активдештирүүгө көңүл буруусу. | | |
| 4. | Класстан тышкаркы иштерди, кружокторду, ийримдерди уюштуруу. | | |
| 5. | Окуучуга эмоционалдык мамиле жасоо менен өз алдынча иштөөсүн күчөтүү. | | |
| 6. | Окутуунун заманбап технологиялык куралдарын (ТСО) колдонуу | | |
| 7. | Өтүлүүчү сабак маалыматтарынын, мисалдарынын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү болуусу. | | |
| 8. | Сабакты бир түрдүү өтпөй, ар кандай инновациялык методдорду көбүрөөк колдонуп өтүү. | | |
| 9. | Мугалим менен окуучунун ортосунда педагогикалык кызматташуунү түзүү. | | |
| 10. | Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. | | |
| 11. | Баалоонун негизинде стимулдаштыруу функциясын арттыруу. | | |
| 12. | Предметке тиешелүү тарыхый маалыматтарды берүү. | | |
| 13. | Окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуу. | | |
| 14. | Сабак өтүү процессинде эксперименттерди, тажрыйбаларды кеңири колдонуу. | | |
| 15. | Сабакты оюн түрүндө өткөрүү. | | |
| 16. | Окуучуларга талапты катуу коюнун негизинде сабак өтүү. | | |
| 17. | Предметти өздөштүрүүнүн мотивациясын табуу. | | |
| 18. | Илимдеги жаңы ачылыштар, маалыматтарды билдирүү. | | |

**Эскертме:** *Эгерде башка дагы Сиз ойлогон башка факторлор болсо аларды бош калтырылган графаларга жазыңыздар.*

Бардык табигый предметтерди бириктирип жана математика предмети боюнча факторлордун таасир этүү маанисинин бааланышынын орточо мааниси табылып алардын өсүү тартиби боюнча бөлүштүрүлгөн рейтинги 3-таблицада жана 4-таблицада берилди. Мында математика жана табигый предметтерди окутуучу мугалимдердин көз караштарында бир топ өзгөчөлүктөрү бар экендиги белгилүү болду. Мында баса белгилеп айта кете турган нерсе бүгүнкү күнү окуучуларга жөн эле талапты катуу кою менен алардын активдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүн болбогон иш аракет экени далилдүү болду.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Таблица 3*

**Математика мугалимдеринин берген жообунун негизинде окуучулардын активдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлордун рейтинги**

| № | Таасир этүүчү факторлордун аталыштары | Орточо баллы |
|---|---|---|
| 1. | Мугалимдин методикалык шыктуулугу, чыгармачыл жана тажрыйбалуу болушу. | 4,76 |
| 2. | Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. | 4,65 |
| 3. | Өтүлүүчү сабак маалыматтарынын, мисалдарынын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү болуусу. | 4,59 |
| 4. | Класстан тышкаркы иштерди, кружокторду, ийримдерди уюштуруу. | 4,54 |
| 5. | Сабакты бир түрдүү өтпөй, ар кандай инновациялык методдорду көбүрөөк колдонуп өтүү. | 4,52 |
| 6. | Окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуу. | 4,35 |
| 7. | Окутуунун активдүү формасын көп колдонуу | 4,34 |
| 8. | Сабакты оюн түрүндө өткөрүү. | 4,34 |
| 9. | Мугалимдин окуучулардын таанып-билүү иш аракеттерин активдештирүүгө көңүл буруусу. | 4,30 |
| 10. | Окутуунун заманбап технологиялык куралдарын (ТСО) колдонуу | 4,24 |
| 11. | Мугалим менен окуучунун ортосунда педагогикалык кызматташуунү түзүү. | 4,23 |
| 12. | Предметти өздөштүрүүнүн мотивациясын табуу. | 4,13 |
| 13. | Сабак өтүү процессинде эксперименттерди, тажрыйбаларды кеңири колдонуу. | 4,04 |
| 14. | Баалоонун негизинде стимулдаштыруу функциясын арттыруу. | 3,96 |
| 15. | Илимдеги жаңы ачылыштар, маалыматтарды билдирүү. | 3,94 |
| 16. | Окуучуга эмоционалдык мамиле жасоо менен өз алдынча иштөөсүн күчөтүү. | 3,91 |
| 17. | Окуучуларга талапты катуу коюнун негизинде сабак өтүү. | 3,87 |
| 18. | Предметке тиешелүү тарыхый маалыматтарды берүү. | 3,76 |

*Таблица 4*

**Табигый предметтердин мугалимдеринин берген жообунун негизинде окуучулардын активдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлордун рейтинги**

| № | Таасир этүүчү факторлордун аталыштары | Баллы |
|---|---|---|
| 1. | Мугалимдин методикалык шыктуулугу , чыгармачыл жана тажрыйбалуу болушу. | 4,58 |
| 2. | Окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуу. | 4,42 |
| 3. | Өтүлүүчү сабак маалыматтарынын, мисалдарынын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү болуусу. | 4,41 |
| 4. | Сабакты бир түрдүү өтпөй, ар кандай инновациялык методдорду көбүрөөк колдонуп өтүү.. | 4,36 |
| 5. | Сабак өтүү процессинде эксперименттерди, тажрыйбаларды кеңири колдонуу. | 4,34 |
| 6. | Сабакты оюн түрүндө өткөрүү. | 4,31 |
| 7. | Окутуунун заманбап технологиялык куралдарын (ТСО) колдонуу | 4,28 |
| 8. | Класстан тышкаркы иштерди, кружокторду, ийримдерди уюштуруу. | 4,23 |
| 9. | Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. | 4,20 |
| 10. | Илимдеги жаңы ачылыштар, маалыматтарды билдирүү. | 4,08 |
| 11. | Окутуунун активдүү формасын көп колдонуу | 4,05 |
| 12. | Мугалимдин окуучулардын таанып-билүү иш аракеттерин активдештирүүгө көңүл буруусу. | 4,03 |
| 13. | Мугалим менен окуучунун ортосунда педагогикалык кызматташуунү түзүү. | 4,0 |
| 14. | Предметке тиешелүү тарыхый маалыматтарды берүү. | 3,98 |
| 15. | Баалоонун негизинде стимулдаштыруу функциясын арттыруу. | 3,82 |
| 16. | Окуучуга эмоционалдык мамиле жасоо менен өз алдынча иштөөсүн күчөтүү. | 3,78 |
| 17. | Предметти өздөштүрүүнүн мотивациясын табуу. | 3,74 |
| 18. | Окуучуларга талапты катуу коюнун негизинде сабак өтүү. | 3,72 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Үчүнчү жана төртүнчү таблицаны салыштыруунун негизинде математика менен табигый предметтердин алдыңкы позициядагы орундар боюнча бөлүштүрүлүүсү бири – биринен кескин айырмалангандыгы байкалды. Мында табигый предметтик мугалимдердин жана математика мугалимдеринин берген жооптору боюнча 3 гана факторлор позициясы боюнча экөөсүндө тең дал келишти. Мисалы, *“Мугалимдин методикалык шыктуулугу, чыгармачыл жана тажрыйбалуу болушу” – экөөсүндө тең* ***биринчи*** орунда, *“Өтүлүүчү сабак маалыматтарынын, мисалдарынын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү болуусу*” – ***үчүнчү*** орунда жана *“Окуучуга эмоционалдык мамиле жасоо менен өз алдынча иштөөсүн күчөтүү*”- деген аталыштагы фактору экөөсүндө тең ***он алтынчы орунда***. Ал эми калган факторлор боюнча предметтин өзгөчөлүгүнө жараша орундарды ээлешти. Математик мугалимдери үчүн “Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү” - деген фактор рейтинг боюнча ***экинчи*** орунда болсо, ал фактор табигый предметтер үчүн ***тогузунчу*** позицияны ээлеген. “Окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуу”- деген фактор табигый предметтер үчүн рейтингде ***экинчи*** позицияда болсо, ал математик мугалимдери үчүн үч эсе төмөнкү ***алтынчы*** позицияда жайгашты. “Сабакты оюн түрүндө өткөрүү” - деген фактор табигый предметтер үчүн ***алтынчы*** позицияда болсо, математика үчүн ал ***сегизинчи*** позицияда болду. “Окутуунун заманбап технологиялык куралдарын (ТСО) колдонуу» - деген фактор табигый предметтер үчүн ***жетинчи*** позицияда болсо, ал фактор математиктер үчүн ***онунчу*** позицияда болгон. “Илимдеги жаңы ачылыштар, маалыматтарды билдирүү” - деген фактор табигый предметтер үчүн бир топ эле маанилүү, кызыктуу болуп онунчу позицияны ээлесе, ал фактор математиктер үчүн он бешинчи болуп мааниси жок факторлордун катарына кошулганы билинди. “Предметке тиешелүү тарыхый маалыматтарды берүү” - деген фактор табигый предметтерде алдыңкы факторлордон боло алган эмес, анткени ал жөнүндө мугалимдер көп маалымат билишпейт ошондуктан ал көз жаздымда калгандай көрүнөт. Ал эми ал фактор математиктер үчүн эң акыркы позицияны ээлегени өкүнүчтүү. “Предметти өздөштүрүүнүн мотивациясын табуу”- деген фактор математиктер үчүн бир топ ийгиликтүү деп эсептелинсе, ал фактор табигый предметтер үчүн эң акыркылардын бири, башкача айтканда табигый предметтин мугалимдери мотивация таба албаганы билинди. Бүгүнкү учурда табигый предметтик жана математик мугалимдер эски доордогу мугалимдердин катуу талап кылуу факторунун иш натыйжасы жылбай калганын далилдешти. Анткени ал фактор дээрлик экөөсүндө тең акыркы позицияны ээлеген. Окуучуларды кызыктырбастан туруп жөн эле катуу талап кылуунун натыйжасы жок экенине ынанышкан.

**Адабияттар:**


1. Асанбаев М.Э., Осмонкулова Ж.Ж. Формирование познавательной активности как необходимое условие эффективности обучения будущих учителей. // Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова №26. - 2010. - С. 242-246.
2. Громцева А.К. Формирование у школьников готовности к самообразованию. - М.: Просвещение, 1983. - 144с.
3. Курманкулов Ш.Ж., Раева Ч.Т. Табигый-математикалык предметтерди окутууда окуу жүгүн окуучуларга өткөрүү маселеси. // Известия вузов Кыргызстана, №1. - 2018. - 43-46-бб.
4. Асаналиев Р.М., Тавинтеев Р.А., Акунова Р.Ж. Сущность понятия «Познавательная деятельность» студентов. // Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова, №26, часть 2. - 2010. - С. 19-23.
5. Вербицкий А.А., Борисова Н.В. Методические рекомендации по проведению деловых игр (для средних специальных учебных заведений). - М.: Всесоюзный научно-методический центр профессионально-технического обучения молодежи, - 2010. - 47 с.
6. Асанбекова Ч.А., Куренкеев Т.К. Азыркы мезгилдин талабы боюнча билим берүүнүн сапатынын негизги өзгөчөлүктөрү. // Известия вузов Кыргызстана. - №4. - 2017. С. 95-97.
7. Татур Ю.Г. Образовательный процесс в вузе: методология и опыт проектирования: Учебное пособие. - М.: МГТУ им Н.Э. Баумана, - 2009. - Издание второе перераб. и доп. - 240с.
8. Власко Н.К., Гурова Г.Г., Кузнецова Т.И. Реализации принципов активности и самостоятельности в практике преподавания иностранных языков в техническом вузе. // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. - М., 2016. - №2. - Часть 4. - С. 49-52.